УДК: 130.2 (575.2) (04)

# КЫРГЫЗДАРДЫН МАРКУМДУ УЗАТУУ АЛДЫНДАГЫ САЛТТЫК КААДА-САЛТТАРЫ ЖАНА ДҮЙНӨ ТААНЫМДАРЫ

**Кубатбеков Э.М.**
ага окутуучу

# ТРАДИЦИОННЫЕ ОБЫЧАИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА ПЕРЕД ПОХОРОННОЙ ЦЕРЕМОНИЕЙ И ЕГО ПОЗНАНИЕ МИРА

**Кубатбеков Э.М.**
преподаватель

# TRADITIONAL CUSTOMS OF THE KYRGYZ PEOPLE BEFORE THE FUNERAL CEREMONY OF THE DEAD AND THEIR KNOWLEDGE OF THE WORLD

**Kubatbekov E.M.**
teacher

*Кыргызско-Российско-Славянский Университет им. Б.Н. Ельцина*
*Kyrgyz-Russian Slavic University named after B.N.Yeltsin*

**Аннотация.** Макалада кыргыз элинин сөөк коюуга байланыштуу салттык үрп-адаттары, ырым-жырымдары, алардын айырмалоочу өзгөчөлүктөрү, дүйнө жөнүндөгү ой-пикирлери кеңири каралат. Кыргыздар Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири болуу менен кеңири билимди сактап кала алышкан, бул алардын байыркы үрп-адаттарынын, каада-салттарынын калыптанышында чагылдырылган. Бул билимдер адамзат коомунун өнүгүүсүндө чоң роль ойноп, анимизм, теңирчилик, ведизм, шаманизм, зороастризм, буддизм, манихейизм жана ислам сыяктуу диний-философиялык агымдарды камтыйт. Демек, кыргыздар – өзүнүн бай маданий жана диний мурастары менен өзгөчө кызыгуу жараткан элдердин бири. Дин эркиндиги жана демократия принциптерине негизделген азыркы ааламдашуу жана саясаттын шартында ар кандай диний секталардын, анын ичинде исламдык секталардын кеңири таралышы байкалууда. Бул кыргыздардын уникалдуу байыркы каада-салттарына болуп көрбөгөндөй таасирин тийгизип, жок болуп кетүү коркунучуна алып келүүдө. Ушуга байланыштуу бул элдин байыркы диний көз караштары, дүйнө таанымы тууралуу маалымат берүүчү негизги булактардын бири болгон кыргыздардын сөөк коюу каада-салттарын кылдаттык менен изилдөө өзгөчө маанилүү.Маркумду акыркы сапарга узатуу ырым-жырымдарын изилдөө кыргыз маданиятын гана эмес, тектеш түрк элдеринин маданиятын да терең түшүнүүгө баалуу мүмкүнчүлүк түзөт. Бул изилдөө жаңы перспективаларды ачып, алардын руханий жана социалдык өнүгүүсүнүн көптөгөн аспектилерине жарык чачып, аны өтө маанилүү жана актуалдуу кыла алат.

**Негизги сөздөр:** каада-салт, дүйнө тааным, анимизм, тенирчилик, шаманизм, ведизим, зорастризим, буддизим, манихеизм, ислам, руханизм, материализм, коомдук ан-сезим, көчмөндүк акыл-эс ж.б.

**Аннотация.** В статье подробно рассматриваются традиционные обычаи и ритуалы кыргызов, связанные с похоронами, а также их отличительные черты и представления о мире. Кыргызы, будучи одним из древнейших народов Центральной Азии, сумели сохранить обширные знания, которые отразились в формировании их древних обычаев и традиций. Эти знания сыграли значительную роль в развитии человеческого общества и включают в себя такие религиозно-философские течения, как анимизм, тенгрианство, ведизм, шаманизм, зороастризм, буддизм, манихейство и ислам. Таким образом, кыргызы представляют собой одну из наций, вызывающих значительный интерес благодаря своему богатому культурному и религиозному наследию.

В условиях современной глобализации и политики, основанной на принципах свободы вероисповедания и демократии, наблюдается широкое распространение различных религиозных сект, в том числе исламских. Это оказывает беспрецедентное влияние на уникальные древние традиции кыргызов, ставя их под угрозу исчезновения. В связи с этим особенно важно тщательно изучать погребальные обычаи кыргызов, которые являются одним из ключевых источников информации о древних религиозных представлениях и мировоззрениях этого народа. Исследование погребальных ритуалов предоставляет ценную возможность для глубокого понимания не только кыргызской культуры, но и культуры родственных им тюркских народов. Это исследование может открыть новые перспективы и пролить свет на многие аспекты их духовного и социального развития, что делает его крайне важным и актуальным.

**Ключевые слова:** традиция, миропознание, анимизм, кожевничество, шаманизм, ведизим, зороастризм, буддизм, манихейство, ислам, спиритуализм, материализм, общественное сознание, кочевой ум и др.

**Abstract.** The article examines in detail the traditional customs and rituals of the Kyrgyz people associated with funerals, as well as their distinctive features and ideas about the world. The Kyrgyz, being one of the most ancient peoples of Central Asia, managed to preserve extensive knowledge, which was reflected in the formation of their ancient customs and traditions. This knowledge played a significant role in the development of human society and includes such religious and philosophical movements as animism, Tengrism, Vedism, shamanism, Zoroastrianism, Buddhism, Manichaeism and Islam. Thus, the Kyrgyz are one of the nations that attract significant interest due to their rich cultural and religious heritage. In the context of modern globalization and politics based on the principles of freedom of religion and democracy, there is a wide spread of various religious sects, including Islamic ones. This is having an unprecedented impact on the unique ancient traditions of the Kyrgyz, putting them at risk of extinction. In this regard, it is especially important to carefully study the funeral customs of the Kyrgyz, which are one of the key sources of information about the ancient religious ideas and worldviews of this people. The study of funeral rituals provides a valuable opportunity for a deep understanding of not only Kyrgyz culture, but also the culture of related Turkic peoples. This study can open new perspectives and shed light on many aspects of their spiritual and social development, making it extremely important and relevant.

**Key words:** tradition, world knowledge, animism, leatherworking, shamanism, Vedizim, Zoroastrianism, Buddhism, Manichaeism, Islam, spiritualism, materialism, social consciousness, nomadic mind, etc.

Кыргыздар Борбордук жана Орто Азия чөлкөмүндөгү эң байыркы элдердин бири болуу менен азыркы күнгө чейин, миң жылдап калыптанган каада-салттарын күнү бүгүнкүгө чейин өз нугунда сактап келе жаткан, өтө кызы-

гууну туудурган жана дагы да терең изилдөөгө муктаж элдердин катары кирет. Ар бир элдин каада-салттарынын калыптанышы жана анын өнүгүшү алардын диний түшүнүктөрүнө, дүйнө таанымдарына түздөн-түз көз каранды болушу шарт. Мындай өзгөрүүлөр жана дүйнө таанымдарынын өнүгүшү, байышы, албетте коңшу элдер менен саясий, экономикалык алакаларынын жүрүшүндөгү таасирлердин деңгээлине түздөн-түз байланыштуу болуп келген. Кыргыздар байыркы: шумер, египет, грек, ассирия, кытай, иран, рим, гун, турк жана монголдор сындуу улуу империялардын мезгилдеринде өз ара алакаларды баштарынан кечирүү менен бирок бабалардан калыптанган көөнө каада-салттарынын өзөгүн жоготпостон азыркы күнгө чейин сактап келишүүдө. Анын бирден-бир себептеринин бири, кыргыз элинин башка элдерден өзгөчөлөнгөн көчмөндүк жашоосунун бир нече миң жылдарга созулушу жана дүйнө түшүнүктөрүнүн байыртан калыптанышыны, ошондой эле ал түшүнүктөрдүн оозеки, жандуу сөз менен кийинки муундарга берилиши, жаш муундардын көкүрөккө жат алуу чеберчилиги, андан сырткары убагында араптардын белдүү энциклопедисти Йакут «Муджам ал-буддан» деген эмгегинде баса белгилегендей кыргыздардын акылдуулук жана зээндүүлүктүн ээси экендигинен көрө алабыз [10, 98].

Жогорудагы биз сөз кылган маалыматтын оозеки түрүндө берилиши, бул адамзаттын эс тутумунун, акылынын өсүшүндөгү жана өнүгүшүндөгү негизги пайдубалы болгон. Кийинки б.з.ч. коло доорлорундагы мамлекеттердин калыптанышы, коомдогу адамдар, мамлекеттер ортосундагы мамилелерди, эсеп-кысаптарды жүргүзүүдөгү зарылчылыктар, жазуу иштеринин жаралышына, албетте шарт түзгөн.

Жазуу коомдун өнүгүшүнүн бир чоң бутагы эле. Бирок ошол эле учурда адамдардын эс тутумуна тескери таасир эткен жагдайлары да болгон. Буга мисал, убагында Египеттеги Невкрадите шаарында белгилүү, байыркы кудайы Тот жашаган да, ал баардык илимдердин ээси болгон. Ага тиешелүү ачылыштарынын ичинен эң маанилүүсү жазууну ойлоп табуусу эле. Тот кудай аны фараонго белек кылып, «бул эс-тутум менен акыл-эстин дарысы болот, андан сырткары египеттиктерди акылмандык жана даанышмандыкка жеткирет» - дейт. Тот кудайынын жаратмандыгына сукtanып, бирок жаратмандыктын экинчи жагын көрө билген фараон, «сенин ачылышың адамдардын эс-тутумун дарылоо эмес, окуучулардын акыл-эсинде унутчаактыкты жаратат. Жазууга ишенген окуучулар үчүн эске сактоо зарылчылыгы болбой калат, бул табылга эс тутумдун эмес жөн гана өткөндү эстөөнүн дарысы» - деп эң туура баамдаган [11-34].

Кыргыздарда маалымат берүү жана алуу оозеки түрүндө болгондуктан, каада-салттардагы дүйнө таанымдар коомдун баардык жарандарына жеткиликтүү болсо, отурукташкан маданияттуу элдерде диний жөрөлгөлөрдүн маанисин дин өкүлдөрү сыяктуу чакан топтор гана терең түшүнсө, калган эл үстүртөн жана аткаруу милдет сыяктуу гана кабылдашкан. Ошондуктан отурукташкан элдерде басып алган мамлекеттер тарабынан киргизилген башка диндер эч кыйынчылыксыз сиңип кетип турса, кыргыздарда суроо-жооп жана талкууларды жараткан. Андыктан, кыргыздардын элдик каада-салттарындагы байыркы түшүнүктөрдүн сакталышы, жалпы адамзаттын дүйнө таанымдарынын келип чыгышын чечмелөөдө, илимге кеңири жол ачып, ага чоң салымын кошмокчу демекпиз.

Тилеке каршы, совет мезгилиндеги маданий реформалардын таасири кыргыздардын каада-салттарына жана анын изилденишине чоң сокку урган болсо, совет мезгилинин кыйрашы менен Кыргызстан көз карандысыздыктын арты менен демократиялуу өлкөгө айлануусу,

анын жоболоруна ылайык 1991-жылы кыргыз өкмөтү тарабынан «Дин эркиндиги жана диндик уюмдар» жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышы, ар түрдүү дин өкүлдөрүнүн үгүт иштери кыргыздардын дүйнө таанымы жана салттык каада-салттарына түздөн түз чабуул урууда. Ошондуктан, ааламдашуунун алкагында биз сыяктуу аз сандуу улуттардын келечекте эл катары сакталышы, жашашы үчүн ага таандык каада-салттарын терең тактап изилдөө учурдун негизги маселесине айланууда.

Орто Азия чөлкөмүндөгү элдерге салыштырмалуу кыргыз эли өзүнүн өлүк коюудагы каада-салттарында, ырым-жырымдарында жана жөрөлгөлөрүндө байыркы түшүнүктөргө бай анимистик ишенимдердин саркындыларын көбүрөөк сактап келишүүдө. Мындай учурларды кыргыздардын жандын чымын болуп учуп кетиши, арбакка айланышы, арбак туугандарын көрүп турары, арбакты ыраазы кылуу үчүн кара ашына, кыркына, ашына курмандык чалуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык, бейит башында өкүрүү жана жети, тогуз токоч кылып багыштоо ж.б. диний ишенимдеринен көрө алабыз [2, 225].

Кыргыздардын өлүк көмүүгө таандык маалыматтары археологиялык изилдөөлөрдөн тышкары, байыркы жана орто кылымдарда кытай, араб жазма булактарында кезиксе, XIX кылымдардан баштап орус изилдөөчүлөрүнүн арасында кеңири кезиге баштайт. Албетте, бул орус падышачылыгынын Орто Азия чөлкөмдөрүн өзүнө каратуу саясаты менен мүнөздөлөт.

Орус окмуштууларынын ичинен Ч. Ч. Валиханов өзүнүн «Кыргыздарда шаманизмдин калдыктары» деген эмгегинде кыргыздардын өлүк коюу каада-салттарына кеңири кайрылып, арбак жөнүндөгү түшүнүктөрүн терендеп ачып берүүгө да аракет кылган. Ал кыргыздардын сөөктү узатуудагы ырым-жырымдары негизинен маркумдун арбагын ыраазы кылуу максатында жасалган ырым-жырымдардан турарын баса көрсөткөн. Ал арбак кыргыздардын түшүнүгүндө мурда өткөн ата-бабаларынын жаны деп белгилейт. Адам каза болгон соң жаны арбакка айланып, анын жанынын же арбагынын тиги дүйнөдө тынч болушу анын туугандарынын ага карата жасаган ырым-жырымдарына байланыштуу болгон. Эгерде маркумдун туугандары анын арбагына туура ырым-жырымдарын жасап ыраазы кылган болсо, аларга жакшылык алып келип, туура эмес жасап, наараазы кылса анда тирүүлөргө жамандык алып келет деп түшүнүшкөндүгүн ачык белгилейт [6- 225,226].

Көчмөн кыргыздар коңшу элдерге караганда ислам динин кеч кабыл алгандыгына карабастан, бара-бара өз дүйнө таанымдарында өзгөчө XVIII-XX кылымдарда ислам диний түшүнүктөрү кыргыздардын маркумду узатуудагы жөрөлгөлөрүндө кеңири жайыла баштаган. Ислам дининин таасирине байланыштуу, кыргыздарда арбак жөнүндөгү түшүнүктөр дагы да андан ары байыган, өскөн. Диндин аркасында, «өлгөн адамга убагында куран окутулбаса, маркумдун жаны ач арбакка айланып, адамдарга зыян алып келет» - деген түшүнүктөр кирген [1- №1- 4].

Арбак жөнүндөгү түшүнүктөр баардык эле байыркы элдерде сакталып келет. Эми ач арбакка байланышкан кыргыздар менен кылымдап коңшу жашаган, тектеш кээ бир түрк тилдүү сибир жана алтай элдерине кыскача кайрыла кетсек. Мисалы якуттарда да кээ бир адамдардын жандары ач арбакка айланып (юер) тирүүлөргө зыян алып келээри тууралуу көптөгөн маалыматтар кезигет. Якуттар өлгөн адамдын ач арбакка айлануусу тууралуу эки учурун белгилешкен. Биринчиси, зордук-зомбулуктан өлгөндөр, сыйкырчылык менен алектенгендер (колдундар), жин оорусу менен ооругандар жана кээ бир учурда шамандардын жандары. Экинчиси, маркумга жол-жосундар туура эмес жасалып жана аткарылбаган учурда адамдын жаны бара-ба-

ра ач арбакка (юерге) айланып кетет деп ишенишкен [8, 9].

Ал эми түштүк алтайлыктардын ичинде, телеуттардын ичинде арбакка (сюнеге) карата төмөнкүдөй ишенимдер сакталып келет. «Сюне» адамдын денесинен чыккан соң сөөктү көмгөнгө чейин, «туугандарынын кылган иштерин көрүп, сүйлөгөндөрүн угуп турат» - деп ал жөнүндө жакшы сөздөрүн айтууга аракет кылышкан [3- 265, 267]. Түштүк алтайлыктардын ичинен эң көп сандуу этникалык топтордун бири алтай кишилеринин арбак жөнүндөгү ишенимдеринде кыргыздарга өтө жакын түшүнүктөр жашап келет. Алар адамдын жаны үч күн өлгөн жеринде (үйүндө, дененин жанында) болуп, кырк күндөн кийин тигил дүйнөгө өтүп кетет деген ишенимде болушкан. Ушул аралыкта адамдын жаны тамакка муктаж болот деп үчүлүк, жетилик жана кыркылык өткөрүшкөн. Канчалык жол-жобосу туура өткөрүлсө, маркумдун жаны ошончолук тогумдуу жана ыраазы болуп, тиги дүйнөгө кетет дешкен [4, 170]. Ал эми хакас-качиндер жана кызылдарда да адамдын жаны арбакка (эбертых) айланып, анын урматына жасалган ырым-жырымдар так аткарылганда гана тигил дүйнөгө кеткен. Эгерде маркумга жасалган ырым-жырымдар туура эмес жасалган учурда, анын жаны ач арбакка (юзютка) айланып, туугандарына зыян алып келет деп түшүнүшкөн [4, 172].

Кыргыздардын байыртан бери төрөлүү жана өлүм жөнүндөгү түшүнүктөрү өтө бай болгондуктан, аларга жараша ырым-жырымдарында материалдык жана руханий байланыштар тыгыз коштоп жүргөн. Ошондуктан маркумдун көзү өтөөрдөн мурда эле кыргыздар өтө акыл-эстүү, туура түшүнүү менен эң абалкы жөрөлгө, ырым-жырымдарын жасай башташкан. Алгач адамдын ал-акыбалына өтө баам салып, байкап турушкан. Адамдын көз жумаарына көздөрү жетсе, бир жума же үч күн мурда жакын туугандарына жана уул-кыздарына киши чаптырып жиберишкен. Бул адамдын акыркы мүнөттөрүндө кашында болуу, көзү тирүүсүндө көрүп калуу, коштошуу, керээзин угуу деген адамдык милдеттердин өтө чоң баалуулуктарынын бири болуп саналат. Эгерде убагында чабарман жибербей, тууганы же уул-кыздары көзүн көргөнгө жетишпей калган болсо, анда туугандар ортосунда катуу зак кетип, өмүр бою таарынычта, керек болсо туугандык катыштыкты үзгөнгө чейин барышкан. Бул дүйнөдө ичээр суусунун түгөнгөнүнө көзү жеткен ар бир кыргыз, артындагы балдарына, туугандарына, аялына акыркы сөзүн айтуу парз катары каралган. Маркумдун бул акыркы сөзүн кыргыздар «керээз» сөзү деп айтышкан. Менин баамында «керээз» сөзүнүн түпкү так мааниси өлүм алдындагы адамдын акыркы сөзү болгондуктан аны кыргыздар «көр ээси» - деп аташып, кийин угулушуна карай «керээзге» өзгөрүшү. Биз жөн гана сөздүн маанисин сактап, көп замандардын өтүшү менен анын так айтылышынан бир аз алыстап калганбыз.

Кыргыз коомунда керээз айтуу, керээз калтыруу, байыртан бери, өзгөчө хан, бектерге таандык милдеттердин бири болуп саналат. Керээз тирүүлөр үчүн сөзсүз аткарууга тийиш болгон, арбактын алдындагы адамдын мойнуна жүктөлгөн милдет же парз катары эсептелген. Керээз сөзүн эч ким аткарбай койбогон. Анткени жогоруда айтылгандай кыргыздарда маркумдун арбагынын коркуу жана кызмат кылуу сезими өтө жогору болгон. Нарктуу кыргыз адамдары өлөөрүнө көзү жеткен учурда бүт тууган-туушкан, балдарын кашына чакыртып алып, керээз сөздөрүн айтышкан. Керээз айтуу акыл-насаат сөздөрдөн тышкары, байлык, бийликти мурастоо жана кээ бир учурларда жасатты кантип узатып, кай жерге коюу чечимдери айтылган. Керээздин мааниси кыргыздардын эпос, санжыраларда өтө кеңири ча-

гылдыруу менен анын мааниси баалуу маалымат катары бааланат. Мисалы, «Манас» эпосундагы кээ бир каармандарга кайрылсак, Чет Бээжинде Манас бабабыз жарадар болуп, Коңурбайдын сансыз колу менен аз сандуу кыргыз согушуп, келген колду артка сүрүп, кээде ит урушун салып олтуруп, Алтай, адегенде Турфанга жакындап, Ит ичпестин чөлүндө душмандын колун кыргын кылып артка сүрүп калышат. Ошондо Коңурбай кошумча колу келгиче, Манастан жети күндүк мөөнөт сурап алат. Аны уккан Алманбет баатыр бабабыз Манаска келип, «жети күн бурсат берипсиң, капкайда камын жедирип, күчөтмөк болдуң Кытайды, Кудайдын кылган иши экен, төкмөк болдуң канымды! Керээз кылып кеп айтам» - деп айткан керээзи:

Аман Талас барсаңыз,
Элди эсен көрсөңүз,
Тоодогу жылкым тогуз миң,
Тоодогу жылкым жыйып кой,
Аккандын кызы Арууке,
Алган жарым бакты жок,
Мажике нике кыйып кой.
Атыма катар жүгөн бар,
Аруукенин боюнда,
Үч ай калган күмөн бар.
Эгер эркек төрөсө,
Тоюна токсон соё көр,
Атын Эр Күлчоро коё көр!
Эркек эмес кыз болсо,
Аркар атып жеп койгун.
Акырет кеткен Алманбет,
Туяксыз өттү деп койгун!
Өлүп калсам кытайдан,
Талаага сөөгүм таштабай,
Саралага жүктөп кет!
Мазарлуу жерге барганда,
Көрүмдү кенен оюп кет,
Сараланы союп кет,
Көрүмдү казып табыштап,
Өз колуң менен коюп кет! – деген сыңары кыргыз элдик оозеки чыгармаларда керээзге байланыштуу материалдар өтө көп кезигет [9, 184]. Эми маркумду узатууда кийинки жөрөлгөлөрдүн бири, жакын арадан табып же салт билген кары кишини чакыртып алдырышкан. Алар үйдүн ичин ысырыктап, жаткан үйдө суу, тамак-аштарды сыртка чыгарып үй ичин тазалатып, адамдын тамырынын согушуна баам салып, Жаратгандан пендесинин жанын жеңил алуусун ичтен тилек кылып турушкан. Кийинки мусулман диний түшүнүктөрүнүн негизинде, адамдын жаны чыгаарда айылдагы молдону чакыртып «ыйман» окутушкан. Молдо ыйман окуп жатып, адамдын оозуна суу тамчылатып турган. Себеби адамдын жаны чыгаарда анын денеси өтө катуу ысып, тамагы кургайт, ошол учурда шайтан келип «суу берейин, сен Кудайга болгон ыйманыңдан кайт» - деп азгырат деген диний түшүнүктөн, молдо адамды өз ыйманы менен кыйналбай, мусулман динден кайтпай, өлүмгө баш ийүүсүнө жардам берүү ишааратты катары каралып, ал салтка айланган [1, №1. 4].

Кыргыздар акыркы сапарга кетээр адамдын жаны жеңил чыксын деп башындагы жаздыкты алып коюшкан. Андан сырткары жанынын жеңил чыгышы үчүн, байыртан келе жаткан ар кандай ырым-жырымдарды жасоо ишараккеттери азыркы күнгө чейин Кыргызстандын кээ бир аймактарында сакталып калган. Аны «Кудай өткөрүү» деп жасашкан. «Кудай өткөрүүдө» бир койду курмандыкка чалып, бир айылдын элин чакырып, тамак тартып, бата тилешкен. Кудай өткөрүп бата тилегенден сырткары дагы башка ырым-жырымдарды да жасагандыгы кезигет. Айтсак, Ысык-Көл жана Тянь-Шань өрөөнүндөгү бугу, саяк кыргыз урууларында, өлөөрүнө жакын калган адамдын кийимин алып эшикке жакасын ылдый каратып илишсе, кээ учурларда боз үйдүн үстүнө аттын ээрге төшөгөн ички тердигин аңтарып, асманды каратып коюшкан. Ал эми черик урууларында мындай учурда кишинин жаткан абалын алмаштырып, тескерисинче, башын ооз тарапка каратып жат-

кырышкан. Кыдыршаа уруусунда болсо өлөөр адамдын бетине калбыр менен суу себишкен [5, 706]. Жогорудагы кийген кийимдердин, ат тердиктеринин жана адамдын жатуу абалынын мурунку абалынан тескери жасоо, кадимки жашоосундагыдай кийимди кийүү-чечүү жана адам баласы төрөлгөндө жаткан жери эне курсагынан башы менен жер энеге ыйлап келсе, өлөөр адамдын башын жашаган үйүнүн эшигин көздөй каратуу, өлгөндө ыйлап узатуу, бул дүйнөгө адам кандай келсе, ошол тейде узатуу деген гана адамдын акыл-эстик түшүнүктөрүнүн бир үлгүсү десек болот.

Адам өлгөндө анын жаны чымын түрүндө, акыркы дем менен кошо чыгып кетет деген түшүнүк кыргыздарда көп кылымдап жашап келген. Жандын чыгышы өтө оор болгондуктан, ал учурда адам баласынын заарасы чыгып, жаткан жери же кийимдери булганган. Ошондуктан, өзгөчө кары адамдар өлүм жакындап, аны сезгенден баштап, денем таза болсун деп үч же бир жума мурда коюу тамактан баш тартышкан. Адамдын жаны чыгаары менен анын жакын туугандары кийинки майрам сууга алууда денеси таза болсун деп, маркумдун сөөгүн сууга алып, бир сыйра тазалап, боз үй тигилгенче, үйдүн бир бурчуна жайгаштырышкан. Өлгөнгө боз үй тигип, сөөктү боз үйдөн чыгаруу салты түндүк кыргыздарында күнү бүгүнкү күнгө чейин уланып келсе, түштүк кыргыздарынын көп жерлеринде үйдөн эле узатышат. Маркумду боз үйгө жайгаштыруу абалы, кадимки күнүмдүк жашоодогу эрежелерди бузбастан толук сакталат. Эркек эр жагына, аял киши эпчи жагына жаткырылат. Сөөктү боз үйгө жайгаштырган соң, жакындарына жана элге угузуу үчүн атайын адамдарды даярдап кабар айттырышкан.

Кыргыз салтында кабарды жакындарына угузуунун өзүнчө жол-жоболору сакталат. Маркумдун жакын адамдарына угузганда түз кирип барып айтышпастан, алгач кошуна-колоңдоруна айтышып, андан соң өз ара кеңешип, чогулган кошуналары келип угузушкан. Угузганга келген коңшулары анын жакынынын абалына өтө көңүл буруп, жооткотуп, сабырдуулука чакырып турушкан. Анткени жакынынан айрылган адам ар кандай абалда калышы мүмкүн. Кээ учурларда өлгөн адамдын жакыны алыс жакта болсо, алысыраак туугандары же жоро-жолдоштору «баланча катуу ооруп жатыптыр, жүрүңүз эрте барып көрүп келели» - деп качан гана үйгө жакындаганда угузушкан. Кыргыздарда угузуудагы дагы бир өзгөчөлүк, маркумду жакындарына же башкаларга угузуп, кабар айтканда түзмө-түз «өлдү» дебестен анын кыйыр жумшак сөздөрүн пайдаланышкан. Мисалы, «Жараткан эгесине кетти», «каза болуп калды», «кайтыш болуп кетти», «көз жумду» жаш бала болсо «чарчады», «баланчанын баласы чарчаптыр» деген өңдүү ж.б. сөздүн «өлдү» деген орой эмес, салыштырмалуу жумшак маанидеги сөздөрдү пайдаланууга аракет кылышкан. Мында да кыргыздардын дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөрдү байкап олтурабыз [1- №6. 12. №8. 17. №3. 3, 4].

Кыргыз элиндеги маркумду узатуу алдындагы дагы бир негизги ырым-жырымдарынын бири - артында калган жесирге кара жабуу жана жоктоп ыйлоо, кошок кошуу салттары. Сөөк боз үйгө жайгаштырылган соң алгач маркумдун жесирине кара жабылып, тегеретесине кыздары, бир тууган карындаш-эжелери кыркалай отурушат.

Ошентип, маркумга эң алгач өкүрүп үн чыгарышат. Сыртында өлүк жаткырылган боз үйдүн капшытына келип эркектер үн чыгарышат. Жесирге жана кыз-кыркындарга кара жабуу - кыргыз коомундагы дүйнө таанымдарынын саркындылары. Бул «аалам жарык жана караңгычылыктан, жер күн менен түндөн, жашоо ак-карадан, өмүр төрөлүү менен өлүмдөн турат» - деген жалпы адамзаттын байыртан келе жаткан дүйнө таанымынын кыргыз салттарындагы сакталып

калган бирден-бир түшүнүктөрү. Кара түс кыргыздарда негизинен жамандыктын белгиси катары эсептелет. Анткени, баардык тирүү жашоонун акыры, бүтүшү жогорудагы кара түс менен белгиленген. Ошондуктан, жакын кишисин жоготкондук жана ага өкүнүп, кайгы тартуунун символу катары жесирге кара жабылган. Кара жабуу жесирдин өз туугандары, төркүндөрү тарабынан жасалган. Азыркы убакка салыштырмалуу XX кылымдын орто ченине (1950-ж.) чейин жесир аялга карасын жабуу жосундары бир топ айырмаланып турган. Жесир аял башына жапызыраак тоголок элечек кийип, күйөөсүнөн ажырагандыктын белгиси катары ээк алмайын байлабастан чечип, бош кое берип олтурган. Элечектин үстүн өлгөн адамдын жаш курагына жараша жоолук менен жабышкан. Эгер өлгөн адам кары болсо ак жоолук, орто жаш болсо кара жоолук жабышкан. Түштүк кыргыздарында да жаш курагына жараша ак, көк, кара жоолук жабышкан. Түндүк менен түштүк кыргыздарынын аза кийимдеринде байкалаарлык өзгөчөлүктөр кезигет. Түштүк кыргыздарынын ислам динине эртерээк кириши жана ал диндеги коңшу элдер менен жакын алакада болушу негизинен таасир этип, аза кийимдери көк, жашыл түстө болгон. Түндүк кыргыздарында токол элечектин ордуна жоолук салуу салты согуштан кийин башталган [5, 124].

Маркумду узатуудагы дагы бир маанилүү салттардын бири - бул ыйлоо, жоктоо, кошок кошуу жөрөлгөлөрү. Маркумдун жакындары, айылдаштары көз көрсөткөнү келген кезде баардыгы үн чыгарып өкүрүк айтып келишкен. Көчмөнчүлүк заманга ылайык атчан келген адамдар боз үйгө жакын калган кезде, атты тездетип, анын ылдам жүрүшү менен өкүрүп түшүшкөн. Азыркы учурда жөө келген кишилер да боз үйгө жакындаганда ылдам басуу менен өкүрүп келишет. Көз көрсөткөнү келген эркек, аялдар өз-өзүнчө топ-топ болуп келишет. Маркум жаткан боз үйдүн сырт тарабында, жакын туугандары, балдары улам келген кишилердин алдында өкүрүп турушса, ичкеридеги аялдар кошок кошуу менен үн чыгарышат. Маркумду ыйлап-жоктоп келгендер адамдын жашына жараша жана жакындыгына карата (эсил кайран атакем, апакем, бир боорум эми кайдан көрөйүн ж.б.) атап үн чыгарышат.

Түштүк кыргыздарында сөөктү үйдүн ичине жайгаштыргандыктан эркектер терезе тарапка келип өкүрүшкөн. Туугандары колдоруна таяк кармап ага өбөктөп алып өкүрүшкөн. Ошондуктан, кыргыздар жай турмушта таякка өбөктөп турууну жаман болот деп тыюу салышкан. Таяк бергендеринин түпкү мааниси, көпкө турган кишиге чарчаганда өбөк болсун деген гана жөнөкөй түшүнүктү камтыйт. Ал эми түндүк кыргыздарында азыркы учурда боз үйдүн маркум жаткан капшытына олтургучтарга өкүргөнгө жаш балдарын отургузуп коюшат. Үн чыгарып келгендерге ордуларынан тура калып боз үйдү карап өкүрүшөт. Келген кишилер үн чыгарып бүтүп, жакын туугандарына, «арты кайырлуу болсун, Жараткандын буйругу ушул, кайрат кылгыла» - деген өңдүү сөздөр менен көңүл айтып кетишет.

Ал эми аялдардан жакынына ыйлап келген кезде элечек болсо ээк алмайын, азыркы тапта жоолугун байлабастан бош кое берип катуу үн чыгарып келет. Жакыны каза болгон аялды кайненеси, абысындары же аяштары эки жактан колтуктап, коштоп алып келишет. Жесирдин жакындары боз үйдүн ичине кирип, аны кучактап ыйлап көз көрсөтүшкөн. Ичте отурган аялдар алыстан адамдын үнү угулгандан баштап бир топко чейин ый кылышкан. Маркумдун энеси, жесири жана кыз-кыркындары кошок кошуп ыйлашкан.

Кошок кошуу кыргыздардын башка элдерден дагы бир айырмаланган салттары катары бааланат. Кошок кошуп ыйлоо жогоруда айтылгандай маркумдун

энесине, жесирине жана ага жакын кыз кишилерге таандык. Азыркы күндө атайын бирөөлөргө жаздырып алып кошок айтышууда. Убагында белдүү, атак-даңктуу кишилер каза болгон учурларда анын жакындары же уулдары атайын кошокчу жалдап келип кошок айттырышкан. Кошоктун өзөгүн маркумдун басып өткөн жолундагы маанилүү учурларды даңаза кылуу менен акыры бул жалган дүйнө менен кош айтышып, Жаратkандын актыгына моюн сунуу менен жакындарын таштап кетип жатканы алар үчүн кайгы, өкүнүч экениндигин муңга салып, обондуу ыр түрүндө ыйга айлантышкан. Мисалы, XIX кылымдын орто чениндеги белгилүү болгон Ормон хандын кызы Куландын кошогунан кыска үзүндү келтирсек:

Ормон кан атам келет дегенде,
Калың бугу камалган.
Кан атам келет дегенде,
Кашкарлык сарт камалган.
Кан атамдын даңкына,
Каракалпак таң калган.
Кан атам келет дегенде,
Кылычын казак бошоткон.
Төмөнкү калың Кокондук,
Тартуу берип жагынган.
Ажал жетти аңдоосуз,
Бир кылжыр тукуму,
Бир атадан туулган [11-142].

Маркумду жоктоп ыйлоодогу аны коштоп жасалуучу жесирге таандык салттардын бири, өз колу менен бетин аткып, тытып, кан агызып ыйлоосу. Мындай көрүнүш азыркы кезде албетте учурабайт. Байыртан бери келе жаткан бул салт совет доорунун 70-жылдарына чейин жашап келди. Көчмөнчүлүк замандарда кырк ашына чейин жесир аял көч учурунда бетин тытып алып, жолдон айыл жолукканда үн чыгарып ыйлап жүрүп олтурган. Каралуу көчтү көргөн айыл журту, көчтү токтотуп, көз жашын жуундуруп, суусундук берип узатуу салт болгон [7, 28, 31]. Биз мындан кыргыздардын байыртан канына сиңип, салтка айланган адам тагдыры, андагы ак-карага гумандуу мамиле, теңдешүү, өйдөдө-өбөк, ылдыйда жөлөк болуу принциптеринин көчмөн элдердеги баалуу дүйнө таанымдарын экендигине күбө болуудабыз. Жесирдин бетин тытып ыйлоо салты байыркы энисей кыргыз бабаларыбызда болбогондугун тан доорундагы кытай булактары ачыктап турат.

VI-VIII кылымдардагы Көк Түрктөрдүн Борбордук Азиядагы 200 жылдан ашык бийлигинин үстөмдүк кылышы, кыргыздардын өлүк көмүүдөгү кээ бир каада-салттарына түздөн-түз таасир эткен. Кытай булактары көрсөткөндөй Түрк каганатында хан же бектери өлгөндө алардын жакындары беттерин канжар менен тилип алып ыйлап жоктошкон [10, 113]. Бара-бара бул салт кыргыздарга акырындык менен сиңип, ал маркумга кайгыруудан тышкары аны өтө кадыр лоонун жогорку чеги деген дүйнө таанымды жаратышкан. Ошондуктан, жесирдин канчалык бетин тытып, кан чыгарып ыйлоо абалы, кыргыз коомунда чоң мааниге ээ болуп, аны ошончолук сый, урмат менен карашкан. Акыркы совет доорундагы маданий түшүнүктөрдүн өзгөрүшү, акырындык менен мындай салтка бөгөт коюу менен жесирдин абалын жеңилдеткен. Өзгөчө жаш калган жесир келиндердин бетинин тытышына кыздын төркүн жагы, эне-аталары каршы чыгышкан. Себеби, кызынын кийинки тагдырын ойлошкон. Анкени, аял кишинин көп байлыгынын бири илгертен анын жүзү болгон [1-№ 15.8].

Мусулман дининдеги шариятка ылайык ыйлоо, жоктоо жана жесирдин маркум эрине карата бетин тытуу сыяктуу көрүнүштөр эскинин калдыктары катары жат көрүнүш жана күнөө катары каралган. Адам канчалык көп ыйласа, аккан жаш деңиз болуп, өлгөндүн бейишке барчу жолун тосуп, маркум ыйдан өтө албай кыйналат деп айтылат. Экинчиден, өлгөнгө ыйлоо, «Жаратkан пендесин өзү жаратkан жана ичээр суусу бүткөндө өзү

алат» - деген кудайдын эркине каршы туруу катары каралган [1-№1, 13]. Бирок, шарияттын тыюу салууларына карабастан маркумду жоктоп ыйлоо салты азыркы күнгө чейин сакталууда.

Маркумга ыйлоо кыргыз коомундагы байыртан калыптанган эски түшүнүк болуу менен адамдын жарык дүйнөгө ыйлап келишин кубаныч менен тосуп алуу, ал эми аларды таштап тиги дүйнөгө сапар алышын кайгыруу, жоктоп ыйлоо менен узатуусу, адамдын төрөлүү жана өлүү жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн бай экендигин чагылдырып турат. Ошондуктан, кыргыз макал-лакаптарында барга, жокко топук кылуу, сабырдуу болуу, «артын берсин», «өлбөстү кудай жаратпайт» деген өңдүү айтылган насаат сөздөр кылымдап жашап келүүдө.

Демек биз, кыргыз элинин азыркы күнгө чейин келип жеткен маркумду узатуу алдындагы айрым каада-салттарынан, байыркы диний түшүнүктөрдүн аркасында акырындап калыптанган, өнүккөн жана кийинки мусулманчылыктын таасири менен байытылган дүйнө таанымдарына күбө болуп олтурабыз.

Албетте, кыргыздардын өлүк коюу каада-салттарында жалпы диний түшүнүктөрдөн сырткары, адамдардын күнүмдүк жашоосундагы жөнөкөй турмуштук зарылчылыктардан, башкача айтканда, адам факторлоруна ылайыкташкан, ички коомдук мамилелердеги жогорку аң-сезимдик дүйнө таанымдардын ролу да жогору экендигине күбө болуудабыз.

Жалпылап айтканда миң жылдап, көчмөндүк жашоону башынан кечирип келген, кыргыз элинин маркумду узатуу алдындагы каада-салттары, адамзаттын пайда болуу жана өнүгүү жолдорундагы эң негизги болгон руханий жана материалдык дүйнө таанымдарынын көчмөн коомундагы айкалышын эң сонун айкындап, чагылдырып турат.

**Адабияттар**


1. Автордун талаа дептери (АТМ): №1, №4, №6, №7, №8, №11.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгек. –Б., – 1999. 225-бет.
3. Анохин А.В. Материалы по шаманству у алтайцев. –Л. –1924, 5-бет.
4. Алексеев Н.А. Ранние формы религии тюркеязычных народов сибирии. –Новосибирск, –1980, 170,172 -б.б.
5. Баялиева Т.Д. «Доисламская верования и их пережитки у киргизов» –Ф., 1972, 124,706 –б.б.
6. Валиханов Ч. Избранные произведения. –М., –1986. 225, 226-бб.
7. Диваев А. Деревня – кыргызские похоронные обычаи. II Туркестанский сб. 1908-Т. 28,31, 462-б.
8. Ксенофонтов Г.В. Шаманизм и христианство. – Иркутск. 1929, 9-бет.
9. Каралаев С. Эпос Манас. – Ф.; –1986, 184-бет.
10. Кыргыздар Т.1. – Б., –1993, – 98-бет.
11. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 1996, 142-бет.
12. Эрих Фонд Деникен. История ошибочна. – Минск. –2011. 34-бет.